***Кыргыз Республикасынын***
***Улуттук статистика комитети***

***Экспресс-маалымат***
2018-жылдын 13-февралы

## 2018-жылдын январындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь 2017[1] январына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь 2016 январына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 27171,4 | 102,3 | 107,0 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 24052,5 | 103,4 | 105,2 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 18339,0 | 102,7[2] | 134,7[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 12475,3 | 111,2[2] | 130,4[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 1012,4 | 86,7[2] | 178,0[2] |
| Иштетүү өндүрүшү | 11922,5 | 101,4[2] | 137,3[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 5246,9 | 116,9[2] | 111,8[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 157,1 | 112,3[2] | 106,2[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 7134,5 | 101,6 | 100,7 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 2768,9 | 101,5 | 96,1 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 2681,5 | 102,0 | 89,4 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь 2017[1] январына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь 2016 январына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 24680,1 | 102,9 | 104,2 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 14314,7 | 103,3 | 103,9 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 1114,2 | 106,2 | 106,8 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 2388,9 | 102,0 | 104,4 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 51,5 | 101,4 | 105,9 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 48,4 | 99,4 | 79,5 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 1760,7 | 96,7 | 74,0 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 103,2 | 100,5 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 100,6 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 58,9 | 103,2 | 101,0 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 15391 | 106,7 | 109,3[5] |
| Тышкы соода жүргүзүү[4] | 6272,0 | 112,5 | 98,9[5] |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 2418,2 | 116,6 | 83,8[5] |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 1790,7 | 113,8 | 106,1[5] |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 568,0 | 127,0 | 109,0[5] |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 4481,3 | 112,0 | 96,3[5] |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 1850,2 | 113,8 | 78,7[5] |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-декабрь 2017-ж. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-декабрь. (алдын-ала маалыматтар боюнча).
[5] 2016-ж. январь-декабрь 2015-ж январь-декабрына карата пайыз менен.

**2018-жылдын январындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Өнөр жай.** 2018-ж. январында өнөр жай өндүрүшү, текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийимдер, булгаары жана булгаарыдан жасалган башка буюмдар жана фармацевтикалык продукциялар өндүрүшүн (2,4 эсеге), резина жана пластмасса буюмдары, башка металл эмес минералдык продуктулардын өндүрүшү (1,5 эсе), электр жабдууларынын өндүрүшү (18,0 пайызга), жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдар өндүрүшү; басмакана иш-аракеттери (17,2 пайызга) жана тамак-аш азыктары (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүшү (14,0 пайызга) алардын көлөмдөрүнүн өсүшүнөн камсыз болгон.

Муну менен бирге, өткөн жылдын январь айынын деңгээлинен өндүрүштүн түшүшү металл рудасын казууда (59,2 пайызга), транспорт каражаттарын өндүрүүдө (41,1 пайызга), башка топко киргизилбеген машина жана жабдууларды өндүрүүдө (15,1 пайызга), химиялык продукцияларды өндүрүүдө (10,7 пайызга), тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүүдө (7,4 пайызга) жана негизги металлдарды өндүрүүдө (6,5 пайызга) байкалган.

Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодо (жабдуу) тармагында өндүрүштүн көлөмдөрүнүн өсүшү негизинен электр энергиясын иштеп чыгуунун (14,4 пайызга) жана электр энергиясын өткөрүп берүү боюнча (24,9 пайызга) кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен камсыз болду.

**Айыл чарбасы.** 2018-жылдын январында айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукцияларынын көлөмдөрүнүн өсүүсү өткөн жылдын январына салыштырганда мал чарбачылык продукцияларын өндүрүүнүн көлөмдөрүнүн өсүшүнүн эсебинен камсыз болду.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициялардын көлөмдөрүнүн өсүүсү айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук, пайдалуу кендерди казуу, суу менен камсыздоо, тазалоо жана калдыктарды иштетүү, маалымат жана байланыш, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу, башка тейлөө ишмердиги, ошондой эле турак жайлар курулушунда белгиленди.

Муну менен катар негизги капталга инвестициялардын төмөндөшү, иштетүүч үөндүрүш объектилеринин курулушуна, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), дүң жана чекене соода, мейманканалар жана ресторандар, транспорт иш-аракеттери жана жүктөрдү сактоо объекттеринин курулушунда белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 7,7 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче 8,3 пайызга төмөндөдү.

Негизги көлөм (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 81 пайызы) пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, транспорт иш-аракеттери, саламаттыкты сактоо жана турак жай объекттеринин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун көбөйүшү 2017-ж. январына салыштырмалуу мотор майын сатуунун (3,30 пайызга) жана дүң сооданын (3,2 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалды.

**Баалар жана тарифтер.** Үстүбүздөгү жылдын январында 2017-жылдын декабрына салыштырмалуу инфляциянын деңгээли жалпы республика боюнча 0,6 пайызды түздү. Баалардын эң көп өсүшү алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин (3,8 пайызга), ал эми тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктарынын бааларынын (0,6 пайызга) өсүшү жүрдү. Ошол эле учурда, тамекинин баалары (12,7 пайызга), картофель (3,5 пайызга), жаш жашылчалар (3,3 пайызга), куюп сатылуучу сүт (3,0 пайызга), алмалардын баалары (2,9 пайызга) өскөндүгү белгиленди.

2017-жылдын декабрына салыштырмалуу 2018-жылдын январында калкка кызмат көрсөтүүлөргө карата тарифтер бир аз (0,1 пайызга) жогорулады, ал эми тамак-аш эмес товарлардын баасы, тескерисинче, 0,2 пайызга төмөндөдү.

Өткөн айга салыштырмалуу үстүбүздөгү жылдын январында керектөө бааларынын жана тарифтердин максималдуу өсүшү Нарын облусунда (1,7 пайызга) жана Ош облусунда (1,5 пайызга) өсүшү катталды. Ушул эле учурда, Баткен облусунда керектөө бааларынын (0,8 пайызга) төмөндөөсү катталды. Ушул эле учурда башка аймактарга салыштырганда Баткен облусунда өткөн айда тамак-аш эмес товарлардын баасы (1,4 пайызга), жана тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктарынын бааларынын (0,9 пайызга) төмөндөгөндүгү байкалды.

**Эмгек акы.** 2017-жылдын январь-декабрында (чакан ишканаларды эсепке албаганда) эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы экономикалык иш-аракеттердин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды, бирок эң олуттуу жогорулашы кесиптик, илимий жана техникалык иш-аракеттер тармагында (17,6 пайызга), мейманканалардын жана ресторандардын иш-аракеттери (16,7 пайызга), транспорттук иш-аракеттерде жана жүктөрдү сактоодо (13,7 пайызга), иргеп иштетүүчү ишканаларда (12,4 пайызга), финансылык ортомчулук жана камсыздандыруулар (9,3 пайызга), транспорт иш-аракеттери жана жүктөрдү сактоо (13,7

пайызга), иштетүү өндүрүшү (12,4 пайызга), маалымат жана байланыш (9,0 пайызга), электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (8,8 пайызга), ошондой эле кыймылсыз мүлк операциялар (8,5 пайыз) чөйрөсүндө байкалды.

**Тышкы экономикалык иш-аракеттер.** Экспорттук жөнөтүүлөрдүн өсүшү 2017-жылдын январь-декабрында 2016-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу 13,8 эсеге өсүшү, жылтыратылган айнекти жеткирүүлөрдүн 1,8 эсеге, сары майдын – 1,6 эсеге, кургатылган жемиштердин - 24,8 эсеге, рудалар жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын - 6,0 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен камсыз болду. Ушул эле учурда кургатылган буурчак жашылчаларын чыгаруу – 27,3 пайызга, катуу ысытылган электр лампаларынын – 27,7 пайызга, ошондой эле монетарсыз алтындын – 0,2 пайызга төмөндөгөндүгү байкалды.

Импорттук келип түшүүлөрдүн көбөйүшү, синтетикалык кездемелердин 4,8 эсеге, жасалма жиптерден жасалган кездемелердин – 3,0 эсеге, ашкана идиш-аяктары – 2,2 эсеге, ундан жасалган кондитердик азыктар – 47,0 эсеге, транспорт каражаттары үчүн дөңгөлөктөрдүн - 42,2 пайызга, байланыш аппаратурасы жана ага карата тетиктери - 35,8 пайызга, дары-дармек каражаттары – 36,4 пайызга, нефтепродукттардын – 25,2 пайызга, шоколад жана башка даяр продукттар – 12,3 пайызга киришинин жогорулагандыгы менен шартталды.

Ошону менен катар эле күн карама майынын кирүүс ү– 14,7 пайызга кириши төмөндөдү.

*ЕАЭС мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодалашуунун көлөмү* 2017-жылдын январь-дкабрында 2418,2 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу 16,6 эсеге өстү.

ЕАЭС мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодалашуусунун эң көп үлүшү Россияга (59,7 пайыз), жана Казакстанга (36,5 пайыз) туура келди.

Товарларды Россияга экспорттоодо жылтыратылган айнекти - 8,5 эсеге, аялдардын трикотаж блузкаларын – 4,1 эсеге, эркектердин көйнөктөрүн – 2,9 эсеге, эркектердин трикотаж кийимдери – 1,5 эсеге, пахта буласы – 1,5 эсеге, пияз жана сарымсак – 3,4 эсеге, кургатылган жемиштер – 1,8 эсеге, сары май – 25,9 пайызга чыгышы боюнча өстү. Ушул эле учурда катуу ысытылган лампалардын экспорту - 2,0 эсеге жана буурчак жашылчалар – 26,2 пайызга чыгуусу төмөндөдү.

Россиядан келген товарлардын импортунда канаттуулардын жана тамак-аш субпродуктарын эттери – 3,0 эсеге, транспорт каражаттары үчүн дөңгөлөктөрдүн – 2,2 эсеге, жууй турган жана тазалай турган каражаттар – 49,0 пайызга, болоттон жасалган зымдар – 39,4 пайызга,

жыгачтын таарындысынан жаслаган плиталар – 48,7 пайызга, ундан жасалган кондитердик буюмдар – 42,5 пайызга, шоколад жана башка даяр тамак-аш продукттары - 13,1 пайызга кирүүсү төмөндөдү.

Казакстанга экспорттоодо кондитердик азыктар – 3,4 эсеге, аялдардын трикотаж блузкалары – 2,8 эсеге, сүт жана сүт азыктары – 2,5 эсеге, жылтыратылган айнек – 1,9 эсеге, рудалар жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын – 16,1 пайызга чыгарылышы көбөйдү.

Казакстандан товарларды импорттоодо макарондук азыктар - 3,5 эсеге, күрүч – 2,3 эсеге, кондитердик азыктар - 2,1 эсеге, суу, анын ичинде минералдык жана газдалган суулар – 2,0 эсеге, күн карама майы – 1,7 эсеге, аялдар жана балдар учун гигиена буюмдары – 1,5 эсеге, болоттон жасалган жалпак прокат – 44,1 пайызга, таш көмүр – 31,1 пайыз, ошондой эле маргарин - 18,5 пайызга киргизилген көлөмдөрү өстү. Ошону менен косметикалык каражаттар - 27,2 пайызга жана изоляцияланган зымдар -13,1 пайызга киргизилиши төмөндөдү.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешел[33] мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешел[33] мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**